Математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын “Студенттерди практика учурунда окутуунун натыйжаларын, компетенцияларын жана баалоо критерийлерин өндүрүш менен биргеликте адистикке калыптандыруу” деген тегерек стол жыйынынын

**ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

*26-октябрь, 2018-жыл.*

*Төрага:* А. Сопуев
*Катчы:* Н. Абдирайимова
*Катышкандар*: Программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*
Ар түрдүү маселелер
"Практикада кесипке багыттоодо аны уюштуруп өткөрүүдөгү программалардын абалы жана анын НББПда (ООП) компетенцияларды калыптандырууда окуу жай менен өндүрүштүн байланышы" аттуу конференцияны талкуулоо

**Угулду:**
*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор):* 2018-жылдын 26-октябрында саат Ош мамлекеттик университетинин Кыргыз-Европа факультетинин жыйындар залында “Студенттерди практика учурунда окутуунун натыйжаларын, компетенцияларын жана баалоо критерийлерин өндүрүш менен биргеликте адистикке калыптандыруу” аттуу конференция өткөрүлдү. Анда Ош шаарындагы 17 мекеме-ишкананын өкүлдөрүү, ОшМУнун Административдик кеңештин мүчөлөрү жана Программалоо, ИТАС кафедрасынын окутуучулары катышып, студенттерди адистикке калыптандырууда практиканын бир топ көйгөлөрүн белгилеп, чечүү жолдорун талкуулашты. Конференция кызуу талкуу менен өттү. НББПнын мазмуну кеңири талкууланды. Мекеме-ишкананын өкүлдөрү тарабынан бир канча суроолор берилип, тиешелүү жоопторду кафедранын мүчөлөрү тарабынан алышты. Биз дагы бир нече пункттардан турган сунуштарды алдык. Ал сунуштардын үстүнөн биз дагы иштешибиз керек.
*Айтбай кызы Айгүл (Программалоо кафедрасынын окутуучусу)*: " Студенттерди практика учурунда окутуунун натыйжаларын, компетенцияларын жана баалоо критерийлерин өндүрүш менен биргеликте адистикке калыптандыруу " аттуу конференция өткөрүлдү. Бул конференцияга бир нече мекеме-ишкананын өкүлдөрү катышып, конференция кызуу талкуу менен өттү. НББПнын мазмуну кеңири талкууланды. Бизге бир нече сунуштар түштү. Ал сунуштардын үстүнөн биз дагы иштешибиз керек.

Иш берүүчүлөр тарабынан берилген сунуш-пикирлер кафедранын жыйынында талкууланып, төмөнкүдөй чечим чыгарылды.

**ЧЕЧИМ:**

1. Практикада кесипке багыттоодо аны уюштуруп өткөрүүдөгү программалардын абалы жана анын НББПда (ООП) компетенцияларды калыптандырууда окуу жай менен өндүрүштүн байланышы" аттуу конференцияны талкуулоодогу сунуштарды эске алынсын;
2. Аны көзөмөлдөө кафедра башчысы А. Сопуевге жүктөлсүн

Кеңешменин төрагасы: Сопуев А.
Катчы: Абдирайимова Н.